***Жакаева Гульсина Кочкорбаевна,***
***окутуучу,***
***Ош Мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ош шаары,***
***e-mail: gulsinazhakaeva@gmail.com***

***Иметова Жаркын Качыбековна,***
***окутуучу***
***Ош Мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ош шаары,***
***e-mail: imetovaz@gmail.com***

# ОНЛАЙН ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИН БААЛООДОГУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА ОНЛАЙН ТЕСТИРЛӨӨНҮН ОҢ ЖАНА ТЕРС ЖАКТАРЫ

***Жакаева Гульсина Кочкорбаевна,***
***преподаватель,***
***Ошский Государственный университет,***
***Кыргызская Республика, город Ош,***
***e-mail: gulsinazhakaeva@gmail.com***

***Иметова Жаркын Качыбековна,***
***преподаватель***
***Ошский Государственный университет,***
***Кыргызская Республика, город Ош,***
***e-mail: imetovaz@gmail.com***

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОЦЕНКИ ЗНАНИЙ УЧАЩИХСЯ В ОНЛАЙН-ОБУЧЕНИИ, ПЛЮСЫ И МИНУСЫ ОНЛАЙН ТЕСТИРОВАНИЯ

***Zhakaeva Gulsina Kochkorbaevna,***
***teacher,***
***Osh State University,***
***Osh city, Kyrgyz Republic,***
***e-mail: gulsinazhakaeva@gmail.com***

***Imetova Zharkyn Kachybekovna,***
***teacher,***
***Osh State University,***
***Osh city, Kyrgyz Republic,***
***e-mail: imetovaz@gmail.com***

# SOME ISSUES OF ASSESSING STUDENTS' KNOWLEDGE IN ONLINE LEARNING, THE ADVANTAGES AND DISADVANTAGES OF ONLINE TESTING

***Аннотация:*** *Макалада заманбап окутуунун талабына ылайык онлайн жана оффлайн окутуунун артыкчылыктары жана кемчиликтери жөнүндө баяндалып, талданды жана кемчиликтерин жою үчүн сунуштар берилди. Ошондой эле онлайн окутуудагы студенттердин билимин туура баалоо үчүн колдонулуучу текшерүү каражаттарынын, онлайн тестирлөөнүн канчалык деңгээлде натыйжалуу экендиги*

*жана окутуунун жыйынтыгын туура баалоо үчүн негизги делинип эсептелген сунуштар берилди. Онлайн тестирлөөдөгү учурдук текшерүүнүн ролу чоң экендиги баса белгиленди жана мисалдар берилди.*

***Аннотация:*** *В статье описываются преимущества и недостатки онлайн и офлайн обучения в соответствии с требованиями современного обучения, проводится анализ и предлагаются рекомендации по эффективности инструментов тестирования, онлайн тестирования используемых для оценки знаний учащихся в онлайн-обучении. Была отмечена роль текущего онлайн-тестировании и приведены примеры.*

***Annotation:*** *The article describes the advantages and disadvantages of online and offline learning in accordance with the requirements of modern learning, analyzes and offers recommendations on the effectiveness of testing tools used to asses students' knowledge in online learning, the effectiveness of online testing. The role of current testing in online testing was noted and examples were given.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *онлайн окутуу, онлайн тестирлөө, санариптик маалыматтык технология, академиялык чынчылдык, учурдагы, аралык жана жыйынтык текшерүүлөр, билим берүү, экзамен, билимди баалоо.*

***Ключевые слова:*** *онлайн-обучение, онлайн-тестирование, цифровые информационные технологии, академическая честность, текущий, промежуточный и итоговый контроль знаний, экзамены, образование, проверка знания.*

***Key words:*** *online learning, online testing, digital information technologies, academic honesty, current, intermediate and final control of knowledge, exams, education, knowledge testing.*

**Киришүү.** Учурда технологиянын өнүгүүсү билим алууга болгон талапты да жогорулата баштады. «Развитие системы высшего профессионального образования сегодня во многом определяется эволюцией технологий передачи информаций» [5]. Ааламдашуу дооруна ылайык көптөгөн жаңы ачылыштар өтө тездик менен өнүгүүдө жана билим берүү тармагынын шарттары да жаңы технологиядан артта калбоосу зарыл. Аталган темага көптөгөн окутуучу, изденүүчүлөр да байма бай кайрылып, ал жөнүндө макалалар жазылууда. «Радикальные инновации последних лет связаны, безусловно с информационно-технологической революцией» [3, 18]. Билим берүүнүн акыркы технолгиялар менен тыгыз байланышып бараткандыгына акыркы жылдардагы пандемия кесепеттери да түздөн-түз таасир этти десек жаңылышпайбыз. Баарыбызга маалым, пандемия мезгилинде элдер үйдөн чыкпастан, атайын мектептерге барбастан туруп, үйдөн окууга, билим алууга өтө тездик менен үйрөнүштү. «В 2020 году вузы, техникумы, колледжи, школы получили уникальный опыт применения дистанционных образовательных технологий, который может послужить основой реформирования отечественного образования» [6, 39]. Маалымат технологияларынын өнүгүүсүнүн негизинде ыкчамдык менен дүйнө жүзүнүн да маалыматтык карым катнашы да тездетилди жана бизге мурда белгисиз болгон жаңы, ар кандай негиздеги ыңгайлуулуктар пайда болду. Алсак, интернет дүкөндөр, ар кандай онлайн кызмат көрсөтүүлөр (онлайн сервисные услуги) жана албетте онлайн окутуулар. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, компьютерлер жеткиликтүү болгон студенттер (булар негизинен Ош жана Жалал-Абад шаарларынын студенттери) кагаздан эмес, электрондук окутуу куралын колдонууну туура көрүшөт. Алардын ою боюнча, бул «салыштыргыс кызыктуу ыңгайлуураак жана убакыт менен күчтү сарамжалдуу бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет» [1, 49]. Ошондой эле жаңыча окутуу талаптарына ылайык келүү үчүн биздин окутуучу педагогдор да аракет кылууда. Мисалга алсак, биз эмгектенген Ош мамлекеттик университетинде да жыйынтык тесттер компьютердин жардамында өткөрүлүүдө жана ар бир студент жөнүндө маалымат жана башка дээрлик бардык университеттин жумуштары автоматташтырылган. Окутуучулардын тынымсыз аракетинин натыйжасында, онлайн окутуулардын, сабактардын деңгээли

да барган сайын жакшырууда. Эки жыл мурда онлайн окутуунун кемчиликтерин арбын айтып жаткан окутуучулар азыркы мезгилде оффлайн окутууга караганда онлайн окутуунун артыкчылыктарын көрүп, сезе башташты. Албетте бул жерде эки тараптуу (окутуучу жана студенттин кызыкчылыгын эске алып) ойлонуп, салыштырып көрүү зарыл. Онлайн окутуунун негизги артыкчылыктарынын бири болуп убакыт үнөмдөлүүсү эсептелинет. Атайын кайсы бир окутуу мекемесине атайын баруу үчүн жол жүрүүгө жана ал жактан кайтып келүүгө убакыт керектелет. Экинчи негизги артыкчылыгы болуп материалдык жактан үнөмдөө эсептелинет. Мында албетте дагы деле атайын ошол окутуу мекемесине барып келүүгө кеткен каражатты эсептесек бир кыйла жакшы эле каражат үнөмдөлгөнүн көрөбүз. Мындан сырткары окутуучу жана ошондой эле студенттердин үй-бүлө мүчөлөрүнө көп эле жактан жакын болуп, жеке чарбалык иштерин да окуу менен кошо алып бара жаткандарына көп эле жолу күбө болдук. Алсак, айрым окутуучулар кичинекей балдарын атайын балдар бакчасына бербестен өздөрү үйдө онлайн сабак окутуп жаткандыктан балдарын да үйдө караштЫ. Ал эми айылда жашаган студенттер атайын шаарга окууга келип, атайын квартираларга акча төлөп жашабастан айылда ата-энелерине жардам берип да, окуп да жатышты. Бирок ошол эле мезгилде онлайн окутуунун кемчиликтери да болбой койбойт. Интернеттин кээ бир аймактарда же кайсы бир себептерге байланыштуу жетишсиз болуп калуусунан сырткары онлайн сабактын кемчилигинин негизги бирден бир мисалы катары кадимки эмоция менен, кадимки тирүү баарлашуунун (живое общение) анча сезиле бербөөсүн айтсак болот. Мисалы, кайсы бир суроо бергенде студенттердин кунт коюп угуп отургандыгын анча биле бербей же сезбей калуу. Себеби компьютерден ар бир студенттин көңүл буруусун онлайн текшерүү татаалдыкты жаратат. Эми бул кемчиликти жоюу үчүн ар бир сабактын учурунда окутуучу студенттерди текшерип, учурунда суроолорду берип, аталган студенттин сабакка канчалык деңгээлде катышып же катышпай жаткандыгын билип туруусун сунуштайт элек. Мисалы, сабак өтүлүп жатканда ар бир студенттин теманы туура түшүнүп жаткандыгын текшерип суроолорду берип, активдүү болууга үндөп туруу.

**Изилдөөнүн максаты:** Онлайн окутуу тажрыйбасы Кыргызстанда жаңыдан кирип өнүгө баштагандыктан, биздин изилдөөбүздүн максаты аталган окутуунун жакшы, колдоого алынаарлык тараптарын жайылтуу жана кемчиликтердин үстүнөн иштөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн методу:** Онлайн окутуунун, анын ичинде онлайн тестирлөөнүн оң жолго салынуусу учурдагы эң актуалдуу маселе катарында калууда. Андыктан биз өзүбүз эмгектенип жаткан Ош Мамлекеттик университетинин айрым студенттеринен сурамжылоо жүргүзүп жана ошондой эле өзүбүздүн иштерге (биз алып барып жаткан онлайн окутуу жана онлайн тестирлөө иштерине) анализ жүргүзүп көрдүк.

**Негизги мазмуну.** Биздин сурамжылообуздун негизинде онлайн сабактын артыкчылыгы кемчилигине караганда көбүрөөк болууда. Сурамжылоого медицина факультетинин биринчи курсунун айрым тайпаларындагы студенттер (жалпы 90 студент, Кыргызстанда окуп жаткан Өзбекстан Республикасынын жарандары) катышты. Алардын 80 пайыз басымдуу бөлүгү онлайн окутууну колдой тургандыгын билдиришти. Алар онлайн окутуунун жакшы жыйынтык берээрине ишенишет. Оффлайн сабакка караганда онлайн сабактарга жакшыраак катышууга мүмкүнчүлүк бар экендигин билдиришти. Ошондой эле көпчүлүк окутуучулар жана ошондой эле студенттер онлайн окутуунун жаңы технологияларын жакшы деңгээлде үйрөнүп алып бара жатышканына күбө болдук.

Кийинки этапта онлайн окутуунун дагы бир негизги өзгөчөлүгү болгон тестирлөө же болбосо студенттин алган билимин текшерүү маселесине кайрылдык . Онлайн текшерүү же болбосо тестирлөө учурунда академиялык чынчылдык канчалык деңгээлде аткарылат, негизи эле тестирлөөгө студент өзү катышып, чынчылдык менен анын тест

тапшырмаларын аткарганына ишенүүгө болобу, аны кантип баалоо мүмкүн, мына ушул маселелер жөнүндө иштеп көрдүк. Жакынкы эле мезгилдери онлайн сабак өтүү менен катар эле онлайн тестирлөө үчүн түзүлгөн ар кандай программалар да аябай көбөйдү. Алсак, cahoot, canva, multiurok, wizer. me, проекторинг тест жана башка ар кандай программалар жана платформалар. Алардын ар биринин бири бирине окшош жана окшобогон жактары бар. Онлайн тестирлөөнүн да албетте онлайн сабактай эле жакшы жактары көп. Бирок маселе ошол онлайн тестирлөөнүн канчалык деңгээлде академиялык чынчылдык менен аткарылуусунда жатат. Онлайн окутуунун негизиндеги текшерүүнүн эң татаал маселеси катары академиялык чынчылдык болуп эсептелүүдө десем болот. Себеби, оффлайн тестирлөөгө караганда онлайн тестирлөө учурунда студенттер башка адамдын жардамын колдонуу мүмкүнчүлүгү жогору. Жыйынтыгында студент өзүнө тиешелүү эмес баага ээ болуп, туура эмес бааланып калуусу мүмкүн. Ал эми баалоо бул окутуунун негизги, бирден бир фактору болуп эсептелүүсүн билебиз.

Кыргыз билим берүү академиясынын профессору Токсонбаев Рыскелди Нурманбетовичтин «Билим берүү мектебинде санариптик технологияларынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү» аттуу макаласында жазылган цитатага токтоло кетели. «Безусловно, в настоящее время, нет таких людей, которые бы не знали, что устойчивое обновление и внедрение высоких технологий в образовании, невозможно без постоянного обновления, использования новых подходов, которые появляются на образовательной среде. Встречаются случаи, когда учителя запрещают доставать свои телефоны или планшеты. Тем самым они забывают, что современный мир не стоит на месте, что нынешнее поколение живет в ином формате, в формате цифровых технологий, что все в этом обществе меняются взгляды, отношения ценности и другие качества современной личности» [2, 52]. Мында ал азыркы мезгилде билим берүү улам жаңычылдыкты талап кылып жаткандыгын, билим берүүгө жаңыча көз караш менен кароо керек экендигин, жаштардын жаңыча санариптик технологиялар менен бирге жашап жаткандыгын эске алуу менен билим берүүдөгү айрым бир эскиче көз караштардан арылуу заман талабы экендигин жазды. Мисалы азыркы мезгилде көпчүлүк окутуучулар студенттердин планшет, телефондорун сабакта колдонуусуна каршы көз караште. Анткен менен ошол эле телефон же планшет онлайн сабакта негизги каражат болуп эсептелинүүдө. Мындан сырткары аларды оффлайн сабакта деле эң бир пайдалуу каражат катары пайдаланса болот. Мисалы телефон аркылуу тест өткөрүү эң эле ыңгайлуу. Мында студенттер жана окутуучулар убакытты да эң эле үнөмдүү пайдалана алышат. А бирок канткенде онлайн тестирлөөнүн жыйынтыгы чынчылдык менен бааланат, башкача айтканда канткенде студенттер тарабынан тестирлөө чынчылдык менен аткарылуусу мүмкүн? Биз бул маселени чечүү үчүн текшерүү системалары бири-бири менен байланышта болуусу зарыл экендигин баса белгилешибиз керек. Буга учурдагы текшерүү, (ар бир өтүлгөн теманын жыйынтыгы катары өткөрүлгөн тест) аралык текшерүү (бир нече темалардын жыйынтыгы катары) жана жыйынтык текшерүү (өтүлгөн дисциплина предметтин жалпы жыйынтыгы катары) түшүнүктөрүн ар бир окутуучу терең өздөштүрүүсү зарыл деп айтаар элек. Онлайн окутуунун эффективдүү болуусуна жана студенттин туура баалануусу үчүн учурдук текшерүү тестинин ар бир сабакта же ар бир өтүлгөн теманын жыйынтыгын текшерүү максатында өткөрүлүп тургандыгы өтө чоң роль ойнойт. Себеби, студенттин кайсы теманы туура түшүндү жана кайсы теманы түшүнбөдү, ар бир учурдук тесттин жыйынтыгы аркылуу анык билсе болот. Мындан сырткары ар бир сабакта студент кимдир бирөөнүн жардамын колдоно албайт. Жана ушул эле учурдук текшерүү тестинин жыйынтыгын өтүлгөн темалардын жыйынтыгында же болбосо семестр аягында аралык текшерүү катарында да колдонсо болот. Мисалы ар дайым көпчүлүк сабактардан жакшы жыйынтык алып бара жаткан студент

албетте аралык текшерүүдө дагы жакшы жыйынтыкка жетишет деп ишенсек болот. Ал эми учурдук текшерүүгө катышпаган же учурунда жакшы баа ала албай, жетишпеген студенттин аралык текшерүүдө жакшы жыйынтык берүүсү күмөндүк жаратат жана албетте мындай студенттерди кайрадан оозеки же башка суроолор аркылуу алган билимин текшерип же канчалык деңгээлде чынчылдык менен тестти аткара алгандыгын текшерип алса болот. Көп учурда окутуучу ушул сыяктуу учурдук текшерүүгө анча көңүл бурбай калат, ал бир гана аралык текшерүүдө (кайсы бир темалардын жыйынтыгы катары же модуль суроолору түшүнүгү) же жыйынтык текшерүүдө (сессиянын жыйынтыгы, экзамендик тестирлөө түшүнүгү) гана студентти баалоо менен чектелбеши керек. Мисалы, латын тили предмети боюнча медицина факультетинде «Латын тилинин фонетикасы» темасын өтүүдө студенттердин билимин текшерүү үчүн ошол сабактын темасын түшүндүрүп бир канча көнүгүүлөр иштелип жана сабактын бүтөөрүнө жакын 5 же 10 мүнөттүк кыскача онлайн тестирлөө аркылуу студенгтердин алган билимин дароо эле текшерип коюга болот. Мындай кыскача тестирлөөнү байма бай, өтө кыска убакытта ар бир сабакта колдонуп турсак, студенттердин сабакка болгон кызыгуусу да артат. Себеби ар бир сабактан кийин ошол сабактын жыйынтыгы катары канчалык баага жетишүүнү учурунда билип туруу студент үчүн кызыгууну жаратат. Жыйынтыгында студенттин сабакка болгон кызыгуусу барган сайын артып бара берет деп айта алабыз.

Изилдөөнүн жаңылыгы жана практикалык мааниси. Онлайн окуу түшүнүгү Кыргыз өлкөсүндө жаңыдан гана кирип, практикаланып жаткандыктан, онлайн окутуу жана тестирлөө маселелери да актуалдуу бойдон калууда. Андыктан, макалада биз эмгектенип жаткан окуу жайда өзүбүздүн онлайн окутуудагы тажрыйбабыз менен бөлүштүк. Онлайн окутуу жана негизгиси онлайн тестирлөө аркылуу окутууда жакшы жыйынтыктарга жетүү жолдорун өзүбүздүн тажрыйбабыз аркылуу түшүндүрүүгө аракет жасадык. Биз колдонгон «учурдагы онлайн тестирлөө жана аралык тестирлөө» түшүнүктөрү Кыргыз педагогикасына да жакшы, алгылыктуу таасирин тийгизет деген ойдобуз.

**Корутунду.** Онлайн окутуу билим берүүдөгү учурдун талабы жана келечектеги онлайн билим берүү эң жакшы жетишкендиктерге жетет деген ойдобуз. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу максатында электрондук окуу материалдарды түзүү жана колдоно билүү учурда актуалдуу [4, 31]. Ошондой эле онлайн тестирлөөнү эгерде окутуучуларыбыз ар бир сабакта колдонуп турса, жакшы жетишкендиктер менен иш алып бара алышат жана студенттер академиялык чынчылдык менен онлайн тестирлөөгө катыша башташат. Мындан сырткары заманыбыздын өзгөрүүсү менен ар бир студенттин да чынчылдык менен билим алуу жөнүндө түшүнүгү да кеңейет деген ойдобуз. Алар өз кесибинде академиялык чынчылдыктын келечектеги кесибинде таасири чоң болуусун туура түшүнүүлөрү зарыл.

**Адабияттар:**


1. Мурзакулова Н.А., Турдубаева Г.Т. Медициналык колледжде химия сабактарын окутууда мультимедиялык технологияларды пайдалануунун эффективдүүлүгү / КББАнын кабарлары. – Бишкек, 2021. – №2 (54). – С. 44-49.
2. Токсонбаев Рыскелди Нурманбетович. Особенности развития цифровых технологий в образовательной школе / Известия КАО. – Бишкек, 2021. – №2 (54). – С. 50-54.
3. Жакаева Г.К. Процесс глобализации в зеркале инноваций / Евразийский Союз Ученых. 2021. – № 8. (89) Том 1. – 18 с.
4. Сөлпүбашова А.Р. Табият таануу сабагында электрондук окуу материалдарын колдонуу-сапаттуу билимдин шарты / КББАнын кабарлары. – Бишкек, 2020. – №3 (52) – С. 29-37.

5. Андрюхина Т.Н. «Дистанционное обучение в вузе» / Вестник Самарского государственного технического университета [Электронный ресурс] / 2015. cyberleninka.ru
6. Корба О.А. Дистанционное обучение в условиях пандемии: проблемы и перспективы / Образование и педагогика: теория и практика: Всеросс науч.-практ. конф. – Чебоксары: 2020. – С. 37-40.

***Рецензиялаган:***
***Син Е.Е.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***